**Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин алдында түзүлгөн филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Д. 10.20.616 диссертациялык Кеңештин чечими менен 10.01.01 – кыргыз адабияты, 10.01.09-фольклористика адистиктери боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Сагындык кызы Жанардын "Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери" аттуу темадагы диссертациясы боюнча биринчи расмий оппоненти филология илимдеринин доктору, доценти Орозобекова Жылдыз Калмашевнанын**

# ПИКИРИ

Кыргыз фольклористикасынын бир чоң өнүтүн акындык поэзия, анын ичинде төкмө акындык ээлейт. Кенен мааниде алганда акындык поэзия кыргыз фольклористикасынан ажыратып кароого мүмкүн болбогон бир бөлүгү. Фольклористиканын диапазонуна эпикалык, лирикалык жанрларга, жанрдык түрлөргө кирген көп компоненттүү тематикага бай элдик мурастардын оозеки жана жазма формалары кирет.

Мындай руханий байлыктын болушунда, маданий казына жүгүн көтөрүп жүрүүчү айтуучулук категориясына кирген жаратман манасчылардын, акындык поэзиянын өкүлдөрүнүн, жазгыч акындардын жана ошондой эле кайра жаратуучулардын, аткаруучулардын дегеле элдик салттуу поэзияны алып жүрүүчүлөрдүн, салымы баа жеткис.

Ар бир доордун өзүнүн ырчы, төкмө акындары жана дайыма аларды талбай угушкан, барктаган, көкөлөткөн, көтөргөн, сүрөгөн да эли болуп, акындар ага шыктанып өздөрү жашап өткөн мезгилдерде чыгармачылык дараметине жараша асыл ойлорун тизмектеп замандын кечээгисин, бүгүнкүсүн, эртеңкисин сөз менен кынап айтып келишкен.

Ошондой ак таңдай акындардын бир канча плеядасы жашап өткөн, алардын из басар шакирттери улам кийинкиси, устаттардын мындай салттуулугун аздектеп сактап, ушу күнгө чейин жеткизип олтурат. Учурда алардын чыгармаларынын көбү кыргыз элинин маданий, тарыхый, философиялык дүйнөсүн чагылдырган көөнөрбөс классикага айланып калган

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 186/06
« 1 » 04 2022

кез. Ал эми Алымкул Үсөнбаев жогорудагыдай таланттардын жоон тобуна киргендердин бири.

Акынды билген замандаштарынын эскерүүлөрүнө, окумуштуулардын изилдөөлөрүнө караганда акын айтуучулук, төкмө акындык, комузчулук өнөрүн салттуулуктун чегинде улаган, алып жүргөн, табиятынан өнөр касиети даарыган, өз доорунун булбулу, акындардын дулдулу делинип бааланган.

Албетте акындын чыгармачылыгы жөнүндө жазылган илимий эмгектер илимий, илимий популярдуу, адабий китептер мурда-кийин жарык көргөн.

Ушул жагдайды эске алганда диссертант акындын чыгармачылыгын кайсы өңүтүнөн алып берет, кандай жаңы ойлорду айтат болду экен деген кызыгуу жаралган.

Колубуздагы диссертациялык иш киришүүдөн, үч главадан жана тогуз параграфтан, корутунду бөлүктөн, пайдаланылган адабияттан жана тиркемеден турат.

Бизге диссертанттын диссертациялык иши, автореферата эки тилде берилди. Мазмундук жагынан алганда бири-бирине дал келет, айырмасы диссертациялык иште тиркемелер бар.

Автореферат тиешелүү талаптардын негизинде аткарылган, расмий тилдеги котормосу менен караганда аутенттүүлүк сакталган.

Илимий иш жазуунун талаптарына ылайык, теманын актуалдуулугу, көтөргөн проблемасы так белгиленген. Структурасы, логикалык ырааттуулук менен жайгаштырылган.

Коргоого алып чыккан жоболорунун ынанымдуулугу, алган натыйжалары илимий методологиялык негизди берип турган базаны өздөштүрө алгандыгынан жана ишти жазууда текст менен иштей билгендиги илимий иш жазууну өздөштүргөнү, ар бир главанын соңундагы жыйынтыктуу тыянактарынан байкалып турат.

Дисертант тарабынан негизинен акындын чыгармачылыгындагы салттуулук, жаңычылык белгилери; фольклордук чыгармалардын кайра иштелип чыгышы; жанрдык, тематикалык, көркөмдүк өзгөчөлүктөрү өңдүү багыттарга басым жасылып илимий ишти жүзөгө ашырылган.

**Биринчи главада** акындын биографиясы, чыгармачылыкка келүүдөгү этаптары, Токтогулдай алп акындын шакирти болуу, Калык, Осмонкулдай замандаштарынын таасири акындын чыгаан төкмө акындык өнөр башатына жетүүсүнө шыкак болгондугун, акындык өнөрдөгү түрдүү баскычтар аркылуу чагылдырып берет. Ошондой эле акын бала кезинен эле ыр-күүгө шыктуу, жөндөмдүү болгондугу, өзүнө чейинкилердин таржымалдары жана өзү менен замандаш болгон өнөр ээлери, алардын жашаган доору, баскан

изин, көргөн кыйынчылыктары күчтүү таасирин тийгизгендиги, дегеле манасчы, акын, дастанчы, ырчы, аткаруучу болобу тике жана кыйыр түрүндө тийгизген чыгармачыл чөйрө тыкыр изилденгени менен натыйжалуу.

Диссертант өзүнө чейинки окумуштуулардын иликтөөлөрүнө айтылган ой-пикирлерине таяныч кылуу менен тексттик анализдерди теориялык жактан талдай билгени, Алымкул Үсөнбаевдин портретин чыгармачылыгын көп кырдуулук аспектисинен кароого шарт түзүлгөн жана жаңыча жагдайда ачып берүү аракетинде болгон.

Алымкул Үсөнбаевдин ырчы, күүчү, аткаруучу, төкмө акын, дастанчы деген сыяктуу өнөрлөрдү этаптуу түрдө өздөштүргөнү, сөз искускусствосунун кубатын баалай билгени, ошону салттуулуктун негизинде аркалаган айтуучу деген категориядагы төкмө акын катары тарыхта калгандыгы тууралуу анализдерди жүргүзүп, бир нече тутумдаш илимдердин аспектисинде карап өзүнө жол тапкан. Ошондой эле, акын тууралуу жазылган алгачкы макалалардан тартып, орчундуу илитөөлөргө чейин баяндап келип, акындын портретин жан жактуу ачып, Алымкул Үсөнбаев чыгаан төкмө акын деп тыянак чыгарат.

Ал эми **экинчи главада** акындын элдик фольклордун эпикалык жанрына өзүнчөлүк из калтырууга жетишкен акындын элдик жомоктордун маанисин тереңдетип, кеңейтип кайрадан иштеп чыккандыгын, болбосо "Олжобай Кишимжан", "Саринжи Бөкөй" өңдүү бир катар эпосторду өзүнө таандык поэтикалык көркөмдүктө иштеп чыккан айтуучу экендигин тексттик талдоо менен көргөзөт. Түрк тилдүү элдердин эпикалык чыгармалары менен салыштырып эпикалык чыгармага мүнөздүү типтүүлүктү белгилеп, түрк элдеринин тамырлаш жакындыгын көргөзөт. Алымкул ырчы, акын эле эмес, дастанчы, эпик айтуучу иретинде белгилүү бир деңгээлде жаратуучу катары бейенесин ачкан.

**Үчүнчү главада** акындын репертуарындагы, эмгек, махабат, жаратылыш, саясат сыяктуу элдик поэзиянын дүйнөсүндөгү тематикалык арсеналына токтолгон, анда тексттердин көркөм тилине, маңыздуулугуна, кайрылып, акындын оозекилик жана жаратмандык табиятына басым жасап, анын акындык чеберчилигинин дагы бир кырын ачат, натыйжада акынды көп кырдуу классик акындардын катарын толуктаган, залкар талант деп жыйынтыктайт.

Диссертациялык иштин максаты залкар акындын өмүр жолун, анын чыгармачылыгынын калыптанышын, акын жашаган тарыхый доорду, коомдук процессти, акындын көп кырдуу чыгармачылык дүйнөсүн ачып берүү, артыкчылыгын, кемчилигин, кыргыз элдик мурасынынын казынасына

кошкон жеке салымын, өзгөчөлүгүн белгилөө болгон. Автор аны бир канча пункт менен берет.

- Алымкул Үсөнбаевдин биографиялык таржымалы, чыгармачылыкка тартылуу, келүүгө болгон таасир, чыгармачылыкка калыптанышындагы этап, анын чыгармаларынын илимий объектиге алынышына обзордук анонс берүү;
- Акындар поэзиясындагы акындар чыгармачылыгынын контекстинде элдик поэзиянын параметрлеринде өзүнчөлүк жагдайларын жан-жактуу ачып берүү;
- Элдик фольклордун эпикалык жанрын өздөштүрүп, аларды аткарып жана элдик эпос, дастан жана поэмаларынын, жомокторунун таасиринин негизинде өздүк автордук чыгармаларын жаратуудагы салттуулуктун трансформацияланышын кароо;
- Акындын чыгармаларындагы коомдун, доордун чыгармаларынан орун алышын анализдөөдө;
- Акындын чыгармачылыгындагы тематикалардын, багыттардын, жанрдык контаминациянын бири-бири менен ширелүүлөрүндөгү өзгөчөлүктөрдү белгилөө менен максатына жеткен.

Башка өңүтүнөн караганда теманын фольклористика, акындар поэзиясы, кыргыз адабият таануу илимдеринин аспектисинде өзөктүк тутумда караганы, мисалы, анын төкмө акындык, жомокчулук, дастанчылык, эпик аткаруучу, жазгыч акындыгы, кайра жаратуучулугу өңдүү көп кырдуулук талантын анализдегени жеткиликтүү.

Диссертациялык иште акындын чыгармаларын аткарууда, салттуу музыка, салттуу поэзия, салттуу айтуучу катары кыргыз акындар поэзиясын алып жүргөн артыкчылыктары менен катарда эле чыгарма жаратууда, жазууда, кайра иштеп чыгууда айрым мүчүлүштүктөрдү кетиргенин тексттик салыштыруу анализдеринде оош-кыйышын көргөзүп берет негизгиси талант иретинде ачып бере алган.

Акындар поэзиясы жаатында иликтөөнүн спецификалык өзгөчөлүгүнүн бири текст менен иштөө. Диссертант Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгында бир катар жанрлар жана жанрдык түрлөргө кирген чыгармаларынын тексттерин кенен талдоого алат. Ошондой эле темага керектүү материалдарды туура тандай алган майнаптуу пайдалана билген.

Теориялык мааниси жагынан алганда учурдагы теориялык базаны түзүп турган концептуалдуу көз караштарга таянган, алар К. Рахматуллин, К. Мифтаков, И. Арабаев, Б. Солтоноев, Ы. Абдрахманов, Ж. Таштемиров өңдүү окумуштуулар менен катарда чет элдик А. Лорд сыяктуу окумуштуулардын, ошондой кыргыз фольклористикасынын чөйрөсүндөгү окумуштуулар Р. Кыдырбаева, Б. Кебекова, С. Закиров, М. Мукасовдун,

Г. Орозованын, А. Обозкановдун, М. Көлбаеванын ж.б. изилдөөлөрүн улап, айтылган ой пикирлерге, кошулуп, кээде ошол ойдон чыгып өзүнүн оюн билдирүүгө далалат кылган.

Башка жагдай филология тармагында аткарылган диссертациялык иштин мазмуну иши, алынган жыйынтыктары УАКтын талабына ылайык илимий басмаларда жарык көргөн жана тиешелүү балл топтой алган.

Сагындык кызы Жанардын “Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери” аттуу темадагы диссертациялык иши илимдин ушул багытынын өнүгүшүнө коргоого алып чыккан жоболору, ынанымдуу натыйжалары менен тематикалык негизде жеке салымын кошо алат жана практика жүзүндө тиешелүү тармактарда колдонулушунда мындай тарыхый-обзордук, салыштырма-типологиялык, адабий-теориялык, сюжеттик-композициялык, поэтикалык жактан талданып абдан изденүү менен иштелген аракеттүү иш деп айтууга негиз бар.

Ошондой болсо да диссертациялык иште айрым бөксө жери көрүнбөй койбойт.

***Алымкул Үсөнбаевди эпик айтуучу, дастанчы, жомокчу катары караганда, ошол объектиге алынган эпостордун, дастан, поэма жомоктордун сюжеттик композициясында Алымкулдук стильди анализдегенде тексттик салыштыруулар менен гана чектелбей: структуралык түзүлүш, жанрдык түр жана түрлөрү, мотивдик жалгашууларда мотивдин аткарган функциясы, же сюжет байытуучу мотивдердин тутуму барбы, жокпу, вариация, импровизация, тексттик кайталоо дегендерге көбүрөөк токтолуп жооп болгондо, дегеле акындын өнөрү поэтикалык тили теориялык анализ күчтүүрөөк болуп мындан дагы кенен ачылмак деген ойдо калдык.***

Албетте жогорудагы сунуш иретинде белгиленген пикир диссертациялык иштин беделине таасирин тийгизбейт. Ушул дареметинде да бүткөн иш катары кабылдоого болот.

Жыйынтыктап айтканда, Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин алдында түзүлгөн филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертацияларды коргоо боюнча Д. 10.20.616 Кеңеште корголуучу адистиктери 10.01.01 – кыргыз адабияты жана 10.01.09-фольклористика

боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Сагындык кызы Жанардын "Алымкул Үсөнбаевдин чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелери" аттуу темадагы диссертациялык иши, тиешелүү илимий-теориялык деңгээлде аткарылган жана филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

**Кыргыз Республикасынын**
**Жогорку Кеңешинин**
**Аппаратынын**
**Лингвистикалык экспертиза**
**бөлүмүнүн эксперти**
**ф.и.д., манастаануучу**
**Ж.К. Орозобекова**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Аппаратынын Адам ресурстарын башкаруу жана уюштуруу иштери бөлүмүнүн улук консультанты**
**К.К. Ибраимов:**

**«Филология илимдеринин доктору,**
**манас таануучу Ж.К. Орозобекованын колун**
**тастыктайм»        29.03.2022 ________________**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИ ЖОГОРКИЙ КЕНЕШ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
КАДРЛАР
КАДРЫ